## Педагогика кафедрасынын тарыхы

1952-жылы И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинин түзүлүшү менен катар эле, педагогика-психология дисциплинаналар кафедрасысы иштей баштаган.

Педагогика кафедрасынын 70 жылдан ашык тарыхында Г.Ф. Сайфулин, Б.А. Акмолдоев, Т.В. Ташевская, Ш.Ж. Джанузаков, Х.А. Калимов, М.Р. Рахимова жана Т.В. Панкова кафедра башчысынын милдетин аткарып келишкен.

Көп жылдар бою катаал тагдырын башынан өткөргөн Шаршен Жанузакович Джанузаков кафедра башчысы болуп иштеген. Анын атасы репрессияга учурап, атылып кеткендигине карабастан, Ш.Ж. Джанузаков талыкпастан эмгектенип, сапаттуу жогорку билим алууга жетишкен. Ал Улуу Ата Мекендик согуштун катышчуусу. Согуштан кайтып келгенден кийин өз өмүрүн райондун алыскы айыл аймактарына мугалимдик кадрларды даярдоого арнаган. Кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон. Ш.Ж. Джанузаков кафедрага башчылык кылуу менен бирге эле, жаштарды адеп-ахлакка жана патриоттуулукка үндөгөн илимий эмгектерди жазган.

Ш.Ж. Джанузаковдон кийин Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу Хамид Айдарович Калимов кафедра башчысы болуп дайындалган. Ал өзүнүн өмүрүн элдик билим берүүгө арнаган, мугалим, мектептин директору болуп иштеген. Х.А. Калимов айылдык окуучуларды эмгекке тарбиялоо боюнча кандидаттык диссертарциясын коргоо менен 8 илимдин кандидатын даярдаган жана 100дөн ашуун илимий эмгектердин автору. Чүй облусунун Москва районундагы Александровка орто мектебине Калимов Хамид Айдарович наамы берилген.

1981-2003-жылдары кафедраны Кыргыз Республикасынын ЭМГЕК СИНИРГЕН ишмери, И. Арабаев атындагы сыйлыктын лауреаты, педагогика жана социалдык илимдер академиясынын мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор Рахимова Магрифа Рахимовна жетектеп келген. М.Р. Рахимованын жетектөөсү менен кафедранын мүчөлөрү педагогикалык илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн щайкеш келтирип, ошону менен бирге эле келечектеги XXI кылымдын кадрларын мугалимдик кесипке даярдоонун жана аны өркүндөтүүнүн практикалык жолдорун, методдорун табуунун үстүндө үзүрлүү эмгектенишкен. Анын жетекчилиги астында 3 педагогика илимдеринин доктору, 20 дан ашык педагогика илидеринин кандидаты диссертацияларын коргошкон.

2003-2008-жылдары кафедраны педагогика илимдеринин доктору, профессор Т.В. Панкова жетектеп келген, анын 10 ашык аспиранттары диссертацияларын жакташкан.

Кыргызстанга белгилүү педагогдор А.А. Айнабеков, Б.Д. Хасанов, Т.Д. Дербишалиев, Н.К.Фаткулина, К. Кененбаев, А.Ы. Ысыкеев, П.Д. Дадабаева, А.Г. Тулегенова, Л.А. Лосановалар кафедранын өзөгүн түзүшкөн. Алар педагогиканын теориясын жана тарыхын өсүп өнүгүшүнө чоң салым кошуу менен бирге эле, лекция, семинардык сабактарды илимий-теориялык жактан жогорку деңгээлде өткөрүп, педагогикалык практикаларды жетектеп келишкен.

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин бүтүрүүчүлөрү өзүнүн өмүрүн педагогикага жана окутуучулук ишмердүүлүккө арнашкандыгы үчүн Н.И. Имаева, М.А. Абдыкеримов, Э.Т. Токсонбаева, Т.А. Орусбаева, Р.И. Курманходжоева, Ж.М. Жумалиева, А.Т. Арзыгулова, А.Т. Калдыбаева менен кафедра ар дайым сыймыктанат.

Бул окумуштуулардын жетекчилиги астында мамлекеттик билим берүү стандарттары, окуу программалары жана окуу китептери жазылган.

2009-жылдан баштап педагогика кафедрасын педагогика илимдеринин доктору, профессор А.Т. Калдыбаева жетектеп келет. Анын жетекчилиги астында 33 педагогика илимдеринн кандидаттары даярдалды. Жетекчилик кылып турганда кафедра көптөгөн ийгиликтерге жетишип, кадрлык потенциалы жогорулады, кафедрага педагогика илимдеринин докторлору Ж.К. Каниметов, А.Ж. Муратов, К.К. Акматовдор тартылып, азыркы күндө ийгиликтүү эмгектенип жатышат. А.Ж. Муратов тарабынан 3 илимдин доктору, 10 дон ашык илимдин кандидаттары даярдалды.

Сманбаев Өрнөк Аманович докторлук диссертациясын ийгиликтүү жактады, анын бир нече аспиранттары диссертациянын үстүндө эмгектенүүдө.

Э.Т. Токсонбаева, С.Н. Пак, М.М. Эсенгуловалар кафедранын тарыхында талыкпаган эмгектери менен барктуу.

Билим берүү тармагында кандай чакырыктар күн тартибине коюлса кафедра дайыма аткарууга белсенет.

Кафедрада Кыргыз Республиканын, Казахстандын 70 аспиранты, 93 PHD доктoранты, 40тан ашын магистранттары илимий эмгектерин профессорлордун жетекчилиги астында илимий изилдөөлөрүн жүргүзөт. Азыркы күндө кафедранын мүчөлөрү “Кыргызстандын санариптешүү шартында болочок мугалимдерди даярдоонун педагогикалык көйгөйлөрү” аттуу теманын үстүндө иш алып жатат.

2022-23-окуу жылынын рейтинги боюнча педагогика кафедрасы биринчи орунду ээледи, Калдыбаева А.Т. – жылдын мыкты профессору болду.

Кафедранын курамын насаатчы педагогдор менен катар изденген жаш окумуштуулар жана окутуучулар түзөт.